Ким эртең мененки жана кеч курунку намазды окуса, бейишке кирет

Абу Муса Ашари (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ким эртең мененки жана кеч курунку намазды окуса, бейишке кирет".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) багымдат намазы менен асыр намазын калтырбай, өз убагынан кечиктирбей окууга үндөгөн. Кимде-ким бул эки намазды талаптагыдай, өз убактысында, жамаат менен окуса, бул намаздар анын бейишке кирүүсүнө себеп болот.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/4198